2.1.1. Кеңеш, Буденовка, Д.Курманалиев айылдарынын борбордук суукамсыздоо жана канализация системасына туташтырууга техникалык шарттарды берүү Кыргыз Республикасынын инженердик-техникалык тармактарына туташуу ирети жана техникалык шарттарды берүү эрежелерине каралган Жобо, коюлган үлгү архитектура органдарынын суроосунун негизинде ишке ашырылат, 2009 жылдын 10.02. №100 "Кыргыз Республикасында инженердик-техникалык камсыздоо тармактарына туташуу ирети жана техникалык шарттарды берүү Эрежелерин бекитүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген.

"Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ 10 иш күндүн ичинде билдирүүчүнүн суроосун алган мөөнөттөн баштап, суу түтүк жана (же) канализация тармактарына курулуш объектин туташтырууга төлөм жөнүндө маалыматты жана техникалык шарттарды берет жана аныктайт, же техникалык шарттарды берүүдөгү далилденген баш тартууну берет.

Суралган кубаттуулуктардын туура келбестигин аныктоо кезинде "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИси суроо алынган күндөн баштап 3 иш күндүн ичинде суралган кубаттуулуктун туура келбестиги жөнүндө туура келбестиктин себебин көрсөтүүсү менен корутунду берет.

2.1.2. Кошулууга техникалык шарттар 2 жылга берилет, Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык, наркы монополияга каршы органы менен макулдашуу боюнча Айылдык Кеңеш менен бекитилет.

Техникалык шарттардын берилиши төлөнүү негизинде ишке ашырылат Кыргыз Республикасынын мызамдарынын талаптарына ылайык,анын басы монополияга каршы орган менен макулдашуусу менен Айылдык кеңеш менен бекитилет.

2.1.3. Суу түтүк-канализациялык тармактарына жана курулмаларына уруксатсыз туташуу техникалык шарттар жана коюлган иретте туташууга келишим түзүү алынбоо уруксат берилбейт.

Объекттин суу түтүк-канализациялык тармактарга жана курулмаларга туташтыруу инженердик-техникалык камсыздоо тармагынын техникалык тейлөө жана туташуу келишимине кол коюлган күндөн баштап ишке ашырылат.

Объекттин суу түтүк-канализациялык тармактарга жана курулмаларга туташтыруу төлөө негизинде ишке ашырылат, анын баасы монополияга каршы орган менен макулдашуу боюнча Айылдык кеңеш менен бекитилет.

2.1.4. "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ объекттерди Кеңеш, Буденовка, Д.Курманалиев борбордук суу камсыздоо системасына кошууга уруксат берет,бирок агым суулардын борбордук канализация системасына таштоо шартында. Шиленүүлөрдү орнотууга жана колдонууга тыюу салынат.Суу керектөө көлөмү суткасына 1